**КР Айыл чарба жана мелиорация министрлиги**

***Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмүнүн***

# Жаңылыктар жарчысы

***№2, 2016***



## Бишкекте МФСРдин өкүлчүлүгүн ачуу пландаштырылып жатат

Айыл чарбаны өнүктүрүүнүн эл аралык фондунун өкүлчүлүгүнүн Бишкекте ачылышы пландаштырылууда. Бул кеңсе Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү донорлор тарабынан каржыланып жаткан долбоорлордун аткарылышын көзөмөлдөйт. Бул тууралуу кыргыз делегациясынын 2016-жылдын 16-19 майында Рим шаарындагы (Италия) МФСРдин штаб-квартирасына болгон иш сапары учурунда белгилүү болду.

IFAD
Enabling poor rural people to overcome poverty

Делегациянын курамы: Айыл чарба жана мелиорация министри Турдуназир Бекбоев, Жогорку Кеңештин депутаты, Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана региондук өнүгүү боюнча Комитеттин төрагасы Мирлан Бакиров, Финансы министринин орун басары Мирлан Байгончоков, Айыл чарба жана мелиорация министлигинин Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмүнүн директору Майрамбек Таиров, АРИСтин Нарын облысы боюнча координатору Бакай Эсенгулов.

Делегациянын мүчөлөрү МФСРдин президенти Канайо Нванзе, Жакынкы Чыгыш, Түндүк Америка жана Европа өлкөлөрү боюнча МФСРдин департаментинин директору Халид Бузур жана МФСРдин Кыргызстандагы долбоорлорду ишке ашыруу боюнча менеджери Фритц Джепсен менен жолугушту. Жолугушуу учурунда Кыргыз Республикасындагы донорлор тарабынан каржыланып жаткан долбоорлордун ишке ашырылышы, жаңы долбоорго кошумча каражаттаттын бөлүнүп берилиши талкууга алынды. Расмий өкүлчүлүктүн Бишкекте ачылышына МФСРдин долбоорлорунун Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинен Кыргыз Республикасында алда канча ийгиликтүү ишке ашырылышы шарт түзгөндүгү белгиленип кетти.

Эскерте кетсек, азыркы учурда республикада гранттык жана кредиттик каражаттарга МФСРдин "Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-1 жана -2" долбоорлору ишке ашырылууда. Долбоорлордун жалпы суммасы 52 млн АКШ долларын түзөт. Мындан мурда "Айыл чарба инвестициялары жана кызмат көрсөтүү" долбоорун ишке ашырууга донорлор тарабынан 9 млн АКШ доллары бөлүнүп берилген. Аталган долбоорлор Кыргыз Республикасынын ветеринардык кызматынын өнүгүүсүнө, жайыттарды башкарууну жакшыртууга жана башка айыл чарба багытында колдоо көрсөтөт.

***Маалымат:*** Айыл чарбаны өнүктүрүүнүн эл аралык фонду (МФСР/IFAD) – өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн айыл жергесиндеги жакырчылыгынын деңгээлин төмөндөтүү максатында 1977-жылы түзүлгөн ООНдун мекемеси зайым жана грант түрүндөгү каражаттарды түздөн-түз бөлүп берет жана өзүнүн долбоорлорун жана программаларын ишке ашырууда кошумча ресурстарды тартат. ▪

БУЛ ЧЫГАРЫЛЫШТА

Бишкектеги МФСРдын өкүлчүлүгүнүн ачылышы....1
«Ветеринардык врач—ардактуу кесип» ....2
DOGs маалымат базасында 380 миң ит катталды....2
Эхинококкоздун алдын алуу — Орто-Сай базарында ....3
Эхинококкоз жөнүндө эмне билүү керек .3
Ветеринария боюнча Келишүү кеңешинин биринчи отуруму ....4
Жумаканов К.: Жеке ветеринария донорлордун эсебинен гана өнүгүүдө ....4
Австралия: Робот-чабандар мал жайууда .5
МЭБ: КР ветеринария системасы жакшыртууга муктаж ....5
Студенттердин билими кандай? ....6
Америкалык студент — Кыргызстанда ......6
Жайыт департаментинин тарыхы ....7
Суусамырда алтыгана зыянкеч бадал өсүмдүгү көбөйүүдө ....7



# “ВЕТЕРИНАРДЫК ВРАЧ—АРДАКТУУ КЕСИП”

К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин ветеринардык медицина жана биотехнология факультети туралуу “Ветеринардык врач – ардактуу кесип” деген он мүнөттүк фильм тартылып, жарыка чыкты.

Фильмде ветеринардык врачтын азыркы убакыт үчүн маанилүүлүгү, факультеттин тарыхы жана анын өлкөбүздүгө экономиканын өнүгүүсүнө чоң салымы жөнүндө баяндаялат. Фильм эки жолу КТРКдан жана башка телеканалдардан көрсөтүлдү.

Интернетте университеттин баракчасында дагы жайгашкан http://knau.kg/ru/edu/fvmib


*“Ветеринардык врач – ардактуу кесип” фильми “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-1” долбоордун алкагында даярдалган.*

*Эскерте кетсек, бул долбоор университетке башка жардамдарды да көрсөтөт. Анын ичинде дарсканалар үчүн эмерек, автоунаа, лабораторлук жабдууну сатып алуу.*

*2014-жылдан баштап Кыргызстандын ар тарабынан ветеринардык факультетке аталган долбоордун эсебинен жүздөн ашык студент окууга кабыл алынган.* ▪

*Нургазиев Р., агрардык университетинин ректору: Кыргыз улуттук агрардык университети, ветеринардык адистерди даярдоодо жекеле айыл чарбасын өнүктүрүүгө эмес, Кыргызстандын экономикасына өсүшүнө чоң салымын кошот. Ал үчүн ар бир библиотекадан баштап, ар бир лабораторияларга чейин жакшы шарттар түзүлгөн.*

*(“Ветеринардык врач—ардактуу кесип” фильминен).*




## DOGS ЭЛЕКТРОНДУК БАЗАСЫНА 380 000 ИТТЕР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ КИРГИЗИЛГЕН

2016-жылдын июнь айына берилген маалыматка карата, DOGs электрондук базасына 358 655 иттер тууралуу маалымат киргизилген. Статистикалык комитеттин маалыматы боюнча Кыргызстанда болжол менен 500 миң колдо багылган ит катталган. DOGs – иттерди идентификациялоо жана каттоо программасы – 2014-жылы КР Айыл чарба жана мелиорация министрлиги жана Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция менен биргеликте, “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-1” долбоорунун жардамы менен иштелип чыккан. Программа республиканын бардык аймактарында жүргүзүлүп жаткан эхинококкоздун алдын алуу боюнча комплекстик иш-чаралардын бир бөлүгү болуп эсептелет.

DOGs программасында итин ээси, ит – туулган күнү, салмагы, энчилүү ысымы, өзгөчөлүктөрү, митесиндендирүү жана эмдөөнүн мөөнөтү - тууралуу маалымат камтылат.

Иттин идентификациялык номери маанилүү пункттардын бири болуп эсептелет. Бул номер иттин кулагына атайын кыпчуур менен түшүрүлөт. Иттерге каттоо китепчеси да берилет.

DOGs программасына маалыматтар Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын Райондук ветеринардык башкармалыктарынын кызматчылары тарабынан киргизилет. Мындай маалыматты ар бир калктуу конушта идентификациялоо жана каттоо китепчелерин берүү иш-чараларын алып барган жеке ветеринарлар камсыздашат.

Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын Борбордук аппараты бардык райондордон жана шаарлардан келип турган маалыматтардын программага киргизилишин күн сайын көзөмөлдөп турат. DOGs программасындагы толук маалымат жыйындысы эхинококкоз боюнча алдын алуу иш-чараларынын аткаруу деңгээлине өз убагында маани берип жана ошондой эле абалды көзөмөлдөп турууга мүмкүнчүлүк түзөт. ▪



*На Ошском рынке участники акции распространяли брошюры.*

## Бишкек шаарындагы Орто-Сай базарында эхинококкоздун алдын алуу боюнча маалыматтык акция болуп өттү

Эхинококкоздун алдын алуу боюнча маалыматтык акция 2016-жылдын 27-майында Бишкек шаарындагы Орто-Сай базарында өттү. Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү долбоорунун Эхинококкозго каршы күрөшүү программасынын алкагында өткөрүлгөн мындай иш-чара Бишкек шаарындагы Ден соолукту чыңдоо борбору жана Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун №6, 15 жана 19 Ден соолукту чыңдоо кабинеттери тарабынан уюштурулган. Аталган долбоор Саламаттыкты сактоо министрлиги, Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жана Айыл чарба жана мелиорация министрлиги менен биргеликте ишке ашырылат.

Иш-чаранын максаты эхинококкоз дартынын өсүп жаткандыгына коомчулуктун көңүлүн бурууну, оорунун негизги тараткычы болгон иттерди өз убагында митесиздендирүүнүн жана өздүк гигиенаны сактоонун зарылдыгы тууралуу маалымат таратууну көздөйт.

Акцияга КММА, КРСУ жана Медициналык колледждин студенттери, борбор калаабыздагы Октябрь районунун №7, 9, 10, 11 Мамлекеттик аймактык башкармалыктарынын кызматкерлери катышты. Акциянын программасына ылайык Бишкектеги ветинспекциянын эпизоотологу Арген Алыкулов “Ит – адамдын досу. Итиңердин жана өзүңөрдүн ден соолугуңарды сактагыла” ырын көркөм окуса, Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун врачтары Светлана Молдалиева, Чинара Рахманова, Гульнара Алымкуловалар оорунун алдын алуу боюнча лекцияларды окушуп, кыргыз улуттук бийи аткарылды. Эки тилде чыгып,  чоңдорго жана кичинекей балдарга арналган “Эскертме “Эхинококкоздон кантип сактануу керек?”, “Балдарга арналган аңгеме “Мээрим менен Аман Акжолтоюн кантип эхинококкоздон сактап калды”брошюраларын студенттер базардын кардарларына жана сатуучуларына таратышты.



Бишкек шаарындагы Ден соолукту чыңдоо борборунун директорунун орун басары Назгүл Акматалиева дал ушундай акциялар жакын арада Ош жана Аламедин базарларында уюштурулаарын айтты.

Эхинококкоздун алдын алуу боюнча маалыматтык иш-чаралар күзүндө шаардын мектептеринде өткөрүлмөкчү. Иш-чаранын жүрүшүндө чоңдор жана балдар үчүн брошюралар (мектеп окуучулары аркылуу алардын ата-энелерине) таркатылып, класстык саатар, сүрөт тартуу жана дил баян жазуу боюнча сынактар өткөрүлүп, изложение менен жат жазуулар жазылат.

Жалпысынан мындай иш-чаралар Саламаттыкты сактоо министрлигинин Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору менен биргеликте республиканын бардык аймактарында өткөрүлүүдө. Ал эми июнь айынын аягында айыл аймактарында жүргүзүлөт. ▪

### ЭХИНОКОККОЗ ЖӨНҮНДӨ ЭМНЕ БИЛҮҮ КЕРЕК

Эхинококкоз – негизинен адамдын боорун, өпкөсүн жабыркаткан дарт. Адамдарда бул оору эч кандай клиникалык белгилери билинбестен эле көптөгөн жылдарга чейин созулат. Оору качан гана анын көлөмү чоңоюп кошуна органдарды кыса баштаганда билине баштайт. Бул оорунун коркунучтуулугу мына ушунда жатат. Ошондуктан жылына бир жолу эхинококкозду алдын алуу максатында боорду, өпкөнү УЗИ аркылуу текшерүүдөн өткөрүү сунушталат.

Дартка чалдыккан адамды айыктыруу үчүн ага операция жасалат, анткени ички органда пайда болгон керексиз нерседен кутулуу үчүн ага бир гана хирургиялык жол жардам бере алат.

Оору адамга иттен жугат. Ошондой эле, оорунун жугушу гигиенаны сактабаган учурларда, тактап айтканда кир кол, жуулбаган мөмө-жемиштер, жашылчалар аркылуу болушу мүмкүн.

Ооруну белгилери ыйлаакчанын кайсы органда жайгашканына жараша болот. Эгер боордо болсо (60%), сарык пайда болуп оң жак кабырганын асты салмактанып ооруп оң колго, аркага берет. Эгер ыйлаакча өпкөдө (20%) болсо, энтигүү, кан түкүрүү, көкүректүн ооруганы, катуу жөтөл байкалат.

Эгерде адам эхинококкоз дартын жуктуруп алса, орточо эсеп менен аны дарылоого 50 000 сом кетет. Бул суммага операцияга жана дарыга кеткен чыгымдар кирет. Бирок бардык эле учурда дарылоо оорулуунун айыгуусу менен бүтпөйт, ушуга байланыштуу сиздин ден-соолугуңузга коркунуч келип жапайбы. Ошондуктан бул оорудан сактануу үчүн өздүк гигиена эрежелерин сактоо керегинин эсиңизден чыгарбаңыз.

***Унутпаңыз! Адамга мындай илдетти жугузуучу булак болуп ит эсептелет жана ооруну алдын алуу үчүн баарынан мурда итти өз убагында текшертип жана алдын алуучу дарылоо иштерин аткаруу керек!***



*Ветеринария боюнча Координациялоо кеңешинин биринчи жолугушуусунда.*

## Ветеринария боюнча Координациялык кеңеши түзүлдү

Бишкек шаарында 2016-ж. 17-майында Ветеринария боюнча Координациялык кеңешинин биринчи отуруму өттү. Бул Кеңештиң түзүлүшү Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү тарабынан сунушталып, Мамлекеттик ветеринардык инспекциясынын демилгеси менен колго алынган.

Бул Кеңештин негизги максаты – ветеринардык кызматынын ишине шарттарды түзүү, ветеринарияга боюнча өтүп жаткан иш чаралары кайталанбоо үчүн маалыматтарды таркатуу, мамлекеттик, коомдук жана донорлук уюмдардын ортосунда макулдашууларга жетүү.

Кеңештин милдеттери – мыйзам чыгаруучу жана ветеринардык өндүрүшүнүн анализдөө, ветеринария боюнча мамлекеттик саясатты жакшыртуу боюнча сунуштарын берүү, ветеринардык тармакка акча каражатын тартуу.

Биринчи отурумунда Координациялык Кеңештин Жобосу бекитилди. ФАО ООН, GIZ, JICA, Агахан фондунун жана Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмүнүн адистери катышты. Алар ветеринария, ошондой эле айыл чарба боюнча долбоорлорун ишке ашырууда. Мисалы, GIZ уйдун таза этин чыгарууда кошумча наркын жогорулатуу долбоорун иштетет, IFC Ысык -Көл облусун аймакташтыруу боюнча иштерин жүргүзүүдө, ФАО жеке ветеринарлардын Улуттук ассоциациясын түзүүдө. Агахан фонду Ветинспекциясын интернет-баракчасын жакшыртууга жана ветеринария китепчелерин чыгаруу боюнча сунуш кылды. Ошондой эле, Агахан фонду ветеринария жана мал чарбачылык боюнча электрондук каталогун жана ветеринардык кызматынын чөнтөк телефондоруна кошумча программаларды чыгарууну сунуштады. JICA жеке ветеринарлардын бир жылдык окуусун Японияда өтө турганын айтты. ▪

**К.Жумаканов: Кыргызстанда жеке ветеринария донорлордун эсебинен гана өнүгүүдө**

“Кыргызстанда жеке ветеринария донорлордун эсебинен гана өнүгүүдө”, - деп Ветеринария жана фитосанитария коопсуздугу боюнча мамлекеттик инспекциянын директору Калысбек Жумаканов Ветеринария боюнча координациялык кеңештин биринчи отурумунда билдирди.

Анын айтымында, эл аралык мекемелердин инвестициялары жеке ветеринарлардын катышуусу менен ишке ашырылып жаткан жаныбарлардын зооноздук оорулары менен күрөшүү программалына, ветеринардык кызматчылардын материалдык-техникалык абалын жакшыртууга, квалификациясын жогорулатууга, мыйзамды оптималдаштыруу аркылуу жеке ветеринардык системаны өнүктүрүүгө, Кыргызстанда Ветеринардык палатаны түзүүгө жумшалууда.

“Жакында жеке ветеринарлардын иш-аракетин жөнгө салуу жөнүндө КР өкмөтүнүн токтому чыкты. Ветеринардык кызмат көрсөтүү боюнча баалардын тутумдаштырылган жыйнагы иштелип чыкты. Эми жеке ветеринар жылдын башында эле өзүнүн болжолдуу кирешесин аныктап алса болот. Биздин эсеп боюнча, жеке ветеринар мамлекеттик буйрутмаларды аткаруу менен бирге эле бир жылда эң аз дегенде 300 миң сом таба алат. Ар бир ветеринарга келишимдин негизинде тейлөө аймагы бекитилип берилген. Ошондуктан ал алдын алуу иш чараларын алып барууга да жооптуу”, - дейт К.Жумаканов.

“Өкмөт ветеринария маселесине көбүрөөк көңүл бура баштады. Ветеринария жана фитосанитария коопсуздугу боюнча мамлекеттик инспекциясына 2016-жылы биринчи жолу мамлекеттик бюджеттен өтө чоң өлчөмдөгү акча - 130 млн сом бөлүнүп берилди. Бул каражат керектүү ветеринардык дары-дармектерди 2016-жылга жана кийинки жылдын биринчи кварталына да сатып алууга жетет. Маселен, былтыр болгону 47 млн сом бөлүнсө, ал эми мурдагы жылдары андан да аз акча берилген», - деп билдирди К.Жумаканов. ▪

*ЭЛ АРАЛЫК ТАЖРЫЙБА*

## АВСТРАЛИЯДА МАЛДЫ РОБОТ-ЧАБАНДАР ЖАЙУУДА

Австралиядагы мал чарбалар абдан кенен жана адам жашаган жерден алыс жайгашкан. Мисалы, Саплджек Даунс ферманын көлөму 4000 км² түзөт. Эң жакынкы Элис Спрингс шаарына бул чарбага автоунаа менен 13 саатта гана жетсе мүмкүн. Ушул себептен бул фермада малга кээде эле көз салып коюшат — жылына бир же эки жолу. Мал тез-тезден ооруп же болбосо ар кандай жагдайга дуушар болуп калат. Ал жөндө ээлеринин да маалыматы жок.

Мындай кырдаалды өзгөртүү максаты менен азыркы учурда Астралияда робот-



чабандарды ишке киргизүүдө. Механикалых чабандар малдын ооруганын жылуулук– жана видеосенсорлук апараттары менен аныктай алышат. Ал апараттар ар түрдүү малдын денесинин температурасын жана баскан-турганын сезишет.

Андан тышкары, жайытты жакшы тандоо үчүн роботтор жердин өңүн, температурасын жана формасын регистрация кылууга мүмкүнчүлүгү бар.

Робот-фермердин азырынча өзүнүн аты жок. Белгилүү нерсе, ал Shrimp алгачкы моделинин кийинки чыгарылышы. Shrimp модели 20 –150 топтогу саалган уйлардын жайууга жазалган. ▪

*(Интернеттеги булактан)*

# МЭБ: КР ВЕТЕРИНАРИЯ СИСТЕМАСЫ ЖАКШЫРТУУГА МУКТАЖ

Кыргызстанда ишке ашырылып жаткан бруцеллез жана эхинококкозго каршы күрөшүү программалары орто мөөнөттүү баалоого муктаж. Эл аралык эпизоотиялык бюро (МЭБ) мындай пикирин май айынын аягында Парижде өткөн МЭБдин улуттук делегаттарынын Дүйнөлүк ассамблеясынын 84-чү жалпы жыйынында билдирди. Аталган жыйынга Кыргызстандын өкүлдөрү да чакырылган. Алар: Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын директору Калысбек Жумаканов, “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-1” долбоорунун ветеринардык консультанты Жолдошбек Касымбеков, Ветеринардык палатанын директору Кубат Маматкулов жана Республикалык ветеринардык диагностика жана экспертиза борборунун директору Мамарасул Тороев.

Бруцеллезго каршы күрөшүү программасы 2008-жылы “Айыл чарба инвестициялары жана кызмат көрсөтүү” долбоорунун алкагында башталган жана “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-1” долбоорунун алкагында улантылууда. Эхинококкозго каршы күрөшүү программасы 2014-жылы “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-1” долбоорунун чегинде башталган. Эки программа тең Айыл чарба жана мелиорация министрлиги жана Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы менен биргеликте ишке ашырылууда. Бүгүнкү күндө адамдардын бруцеллезу дээрлик беш эсеге кыскаргандыгын белгилей кетсек болот. Бул демек, жаныбарлардан адамдарга жуга турган ылаңдардын азайгандыгынын белгиси. Эхинококкозго каршы күрөшүү иштеринде да жылыштар байкалууда.

Мындан тышкары, Кыргызстан менен Польшанын Ветеринардык статуардык органдарынын ортосундагы өнөктөштүк программасы МЭБ менен талкууланды.

Парижде түзүлгөн макулдашуунун негизинде, МЭБ Мамлекеттик ветинспекцияга Кыргыз Республикасынын ветеринардык мыйзамдарын Кургактагы жаныбарлардын саламаттыгы боюнча эл аралык



*МЭБ менен Париждеги жолугушууда.*

кодексинде каралган стандарттарга ылайыкташтырууга көмөктөшөт.

МЭБдин эксперттери Кыргызстанга мындан мурда эки жолу келип кетишкен. Алар КР ветеринардык кызматынын ишине баа беришип, эпизоотия, мыйзам чыгаруу, билим берүү, лаборатория багытындагы бир катар ветеринардык маселелерди карап чыгышкан. МЭБдин эксперттери берген сунуштар азыркы учурда даярдалып жаткан Кыргыз Республикасынын Ветеринардык кызматын өнүктүрүү боюнча 2016-2020-жылдарга карата стратегиялык планына киргизилет.

Баа берүү боюнча отчет жана ошондой эле стратегиялык план жакын арада даяр болот. ▪

# СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМИ КАНДАЙ?

КР Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү (АДИБ) К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Ветеринардык медицина жана биотехнология факультетинин экинчи курсунда окуган студенттердин билим деңгээлин текшерүү максатында жети сабак (этиология, эмбриология, паталогиялык физиология, клиникалык анатомия, ветеринардык генетика, анатомия, жаныбарлардын физиологиясы) боюнча бланктык тестирлөө өткөрдү. Аталган студенттер “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-1 жана -2” долбоорлордун эсебинен окушат.

Тестирлөөгө 105 студент катышты. Ал эми тестирлөөнүн жыйынтыгы студенттер негизинен жакшы окугандыгын далилдеди. Белгилей кетсек, алты студент “эң жакшы” деген баа алышты, алардын бири Ырысбай кызы Айкыз эң жогорку баллга татыктуу болду.

“Тестирлөөнүн жыйынтыктары жакшы, - дейт факультеттин деканы Бекболсун Акназаров. – Эгерде студенттердин билим сапаты үзгүлтүксүз текшерилип турса, алардын окууга болгон умтулуусу күчөп, жоопкерчилиги да артат эле”.



*Акназаров Б.: “Тестирлөөнүн жыйынтыктары жакшы. Эгерде студенттердин билим сапаты үзгүлтүксүз текшерилип турса, алардын окууга болгон умтулуусу күчөп, жоопкерчилиги да артат эле”.*

# АМЕРИКАЛЫК СТУДЕНТ КЫЗ—КЫРГЫЗСТАНДА

Долбоордун эсебинен окуп жаткан Кыргыз улуттук агрардык университеттин студенттеринин билим деңгээлин ар тараптан кеңейтүү максатында ар кандай иш чаралар өткөрүлүп турат. Маселен, алар эл аралык конференцияларга барышат, такшалган ветеринардык врачтардан тажрыйба алышат. Жакында эле Корнел (АКШ) университетинин Ветеринардык медицина колледжинин студенти Мирийам Смитт-Дрелих Expanding Horizons (“Мейкиндикти кеңейтүү”) эл аралык программасынын алкагында Кыргызстандагы Ветеринардык палатага келип, Кыргыз улуттук агрардык университетинин жана Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Ветеринария факультеттеринин студенттери менен жолугушту. Чет элдик мейман Америка кошмо штаттарындагы ветеринардык билим берүү жана ветеринардык кызматтын түзүмү тууралуу айтып берип, өз өлкөсүндө ветеринардык кесип кадырлуу экендигин белгилеп кетти. Азыркы учурда ал Кыргызстандын ветеринардык системасы жана жаныбарлардын оорулары менен күрөшүү программалары менен таанышууда.

“Биздин өлкөгө чет өлкөлүк студенттин келиши чет элдик өнөктөштөрдүн Кыргызстандын ветеринардык иш-аракетине кызыгуусун айгинелейт, - дейт Ветеринардык палатанын директору Кубат Маматкулов. – Эгерде мурда негизинен биздин адистер жана студенттер башка өлкөлөргө билим деңгээлин жогорулатуу максатында барышса, ал эми азыр биздин мамлекетке чет өлкөдөн келишүүдө. Мындай тажрыйба алмашуу Кыргызстандын ветеринария кызматынын эл аралык практикага ылайык өнүгүүсүнө түрткү болооруна ишеним жаратат”.

Эске салсак, 2014-жылы өлкөбүздүн ар кайсы аймагынан Кыргыз улуттук агрардык университетинин Ветеринария факультетине жүздөн ашык студент кабыл алынган. Алардын окуусун жогоруда аталган долбоор каржылайт. Жогорку окуу жайды бүткөндөн кийин, бүтүрүүчүлөр өз айыл аймактарында кесиби боюнча иштешет. Айыл жерлеринде ветеринардык адистер жетишсиз болгондуктан долбоор студенттердин ветеринардык билим алуусуна колдоо көрсөтүүдө. Мындай жөрөлгө “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-1 жана -2” долбоорлорунун маанилүү компоненттеринин катарына кирет. ▪



# Суусамыр жайытындагы алтыгана зыянкеч бадал өсүмдүгүн жок кылуунун жолдору көрсөтүлдү

Суусамыр өрөөнүндөгү алтыгана зыянкеч бадал өсүмдүгү баскан жайыт жерлердин аянты жыл сайын өсүүдө. Мындай көрүнүш мал жайылуучу жайыттардын аянтынын кыскарышына өбөлгө түзүп, малдын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга терс таасирин тийгизип келет. Бул маселе 2016-жылдын 13-июнунда Суусамыр жайытында өткөн семинарда талкууланды.

КР Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин Жайыт департаментинин демилгеси менен уюштурулан иш чара КР АЧММ жана АРИС менен биргеликте ишке ашырылып жаткан “Жайыттарды жана мал чарбачылыкты башкарууну жакшыртуу” долбоорунун колдоосу менен өткөрүлдү.

Суусамыр жайытынын абалын жакшыртуу максатында уюштурулган практикалык кеңешме Жайыт комитеттеринин, айыл өкмөтүнүн жана райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарынын кызматчыларынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын, Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин, Жайыт департаменинин жана Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмүнүн, КР Жайыттар жана мал чарба илим изилдөө институтунун жана башка мамлекеттик мекемелердин  адистеринин катышуусунда өттү.

Алтыгананын жайылып кетиши – Суусамыр өрөөнүндөгү жайыттардын абалынын начарлашынын негизги себептеринин бири болуп эсептелет. Аталган өрөөндөгү жайыттарды пайдаланууга укуктуу болгон Чүй, Талас жана Жалал-Абал облустарынын Жайыт пайдалануучулардын бирикмелери жайыттарды жакшы абалда сактап калуу иштерин жүргүзүшүүдө. Ошентсе да, бир гана алардын аракети менен маселе чечиле койбойт.



Семинардын катышуучуларына алтыгананы механикалык же болбосо ротордук чөп чабуучу шаймандын жардамы менен жок кылуу ыкмасы көрсөтүлдү. Бирок бул ыкма менен зыянкеч бадал өсүмдүгүн түп тамыры менен жок кылуу мүмкүн эмес. Анткени чабылгандан кийин өсүмдүктүн тамырлары калып калат жана ротордук чөп чабуучу шаймандын ылдамдыгы өтө төмөн – бир саат ичинде 15-20 чарчы метрди түзөт.

Адистердин айтымында, алтыгана менен күрөшүүнүн үч жолу бар. Ар бир ыкма өзүнүн кемчилиги жана артыкчылыгы менен айырмаланат: химиялык ыкма – гербициддин негизинде жасалган химиялык каражаттарды колдонуу, биологиялык ыкма – зыянкечтерди, биологиялык жер семирткичтерди пайдалануу жана механикалык ыкма – өсүмдүктөрдүн тамырын жулуп салуу, жерди айдоо, өсүмдүктү чабуу же өрттөө.

Кеңешмеде белгиленгендей, совет доорунда алтыгана менен күрөшүү иштери жүргүзүлүп, зыянкеч бадал өсүмдүгүнүн жайылып кетиши көзөмөлдөнүп турчу. Азыркы учурда алтыгана басып кеткен аянтты кыскартуу боюнча олуттуу чараларды аткаруу зарылчылыгы кайрадан пайда болду.

Жайыттардын абалын жакшыртуу, өзгөчө жайыттардын деградациясы менен күрөшүү – Жайыт комитеттеринин аткаруучу органдары - Жайыт пайдалануучулардын бирикмелери тарабынан даярдала турган жайыттарды жамаатык башкаруу пландарынын негизги пункту болу саналат. ■

***УЮМДУН ТАРЫХЫ***

## ЖАЙЫТ ДЕПАРТАМЕНТИ

Жайыт департаменти Республикалык жайыт-мелиоративдик курулуш мекеменин негизинде 2003-жылы түзүлгөн. Ал КР Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин түзүмүнө кирет жана жайыттарды башкаруу жана колдонуу мамлекеттик саясатын өзүнө берилген мүмкүнчүлүгүнө ылайык ишке ашырат.

Негизги тапшырмалар:
- жайыттарды башкаруу жана колдонуу мамлекеттик саясатын өзүнө берилген мүмкүнчүлүгүнө ылайык ишке ашыруу;
- жайыттарды башкаруу, колдонуу жана жакшыртуу боюнча ченемдик-укуктук акттарды чыгаруу;
- жайыт чарбанын абалын мамлекеттик көзөмөлгө алуу;
- жергиликтүү калкты ишке тартуунун негизинде жайыттарды туруктуу башкарууну жана натыйжалуу колдонууну уюштуруу.

Азыркы учурда Жайыт департаменти 2009-жылы кабыл алынган КР “Жайыт жөнүндө” мыйзамынын негизинде жайыт чарбасын реформалоону жүргүзүп жаткан убагы. Аталган мыйзам боюнча жайыттарды башкаруу жана колдонуу укугу жана аларга тиешелүү милдеттери жергиликтүү өзүн өзүү башкаруу органдарына берилген.

Жайыт департаментинин милдеттери:

- КР “Жайыттар жөнүндө” мыйзамын ишке ашыруу максатында тиешелүү аракеттерди уюштуруу жана аткаруу;
- Жайыттарды башкаруу боюнча укуктук незигдерине окутуу;
- Туруктуу жайыт башкаруу жөнүндө элдин билимин жогорулатуу жана маалымат таркатуу;
- Жайыт пайдалануучулар бирикмелеринин Жайыттарды башкаруу боюнча жергиликтүү коомчулуктардын пландарын колдоонусун көзөмөлдөө;
- Жайыт комитеттерге жана жергиликтүү өзүн өзүү башкаруу органдарына жайыттарды колдонуу боюнча техникалык жардам көрсөтүү;
- Жайыттарды калыбына келтирүү жана жайыттардын инфраструктурасын жакшыртуу боюнча программаларын ишке ашыруу жана айкаштыруу;
- Бейөкмөт уюмдары, илимий мекемелер менен жайыттарды натыйжалуу пайдалануу жана жакшыртуу боюнча кызматташуу;
- Министрликтер менен жайыттар боюнча кызматташуу;
- Эл аралык уюмдар менен жана башка өлкөлөр менен жайыт боюнча кызматташуу;
- Мамлекеттик уюмдардын ортосунда жайыт боюнча түзүлгөн келишимдерди ишке ашыруу аракеттерине катышуу;
- Жайыттарды жакшыртуу максатында мамлекеттик бюджеттен берилген каражаттарды натыйжалуу пайдалануу.

*Жайыт департаментинин директору* Торогельдиев Улан Тургунбекович



*Жайыт департаментинин дареги:*
720054, Кыргызская Республика,
г. Бишкек, проспект Чуй, 315
Тел: (312) 640559, факс: (312) 640558
E-mail: pasture@elcat.kg

**«Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү —1 жана—2» жана “Жайыттарды жана мал чарбачылыкты башкарууну жакшыртуу” долбоордун аткаруучу агенттиктери**

Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү

Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (АРИС)

КР Өкмөтүнө караштуу ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы

Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору

Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти

А.Дуйшеев атындагы Кыргыз ветеринария илимий -изилдөө институту

К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети

КР Ветеринардык палата

Жайыт департаменти

Кыргыз мал чарбачылыгы жана жайыт илимий-изилдөө институту

Ветеринардык дары-дармек каражаттарын сертификациялоо борбору

Гидрометеорология боюнча агенттиги

КР «Кыргыз Жайыт» жайыт пайдалануучулар ассоциациясы

Кыргыз-орус славян университети

Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги

***Биздин дарек:***

КР Айыл чарба жана мелиорация министрлиги

Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү (ОРСП)

Бишкек ш., Киев көч., 96 а, 510-511-бөлмө

Тел (312) 66 56 25, факс (312) 66 15 72

e-mail: hpai@apiu.elcat.kg

# ОТДЕЛ РЕАЛИЗАЦИИ СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫХ ПРОЕКТОВ

Проекты, выполняемые Министерством сельского хозяйства и мелиорации КР через Отдел реализации сельскохозяйственных проектов (ОРСП) при тесном сотрудничестве с Агентством развития и инвестирования сообществ (АРИС), направлены на улучшение управления пастбищами, развитие животноводства, сокращение зоонозных заболеваний таких как бруцеллез и эхинококкоз, на рост качества ветеринарных услуг в Кыргызстане.

Проекты осуществляются на основе финансовых соглашений, подписанных донорскими организациями и Кыргызской Республикой. Основными донорами выступают Всемирный банк, Международный фонд сельскохозяйственного развития, Европейский Союз при софинансировании со стороны Правительством КР.

**Проект «Сельскохозяйственные инвестиции и услуги» (ПСИУ)**

Проект реализовывался с 2008 по 2014 годы в сфере улучшения управления пастбищами, доступности и качества консультационых и ветеринарных услуг, а также обеспечения продовольственной безопасности.

***Главные результаты***

Улучшение управления и использования пастбищ

Принят новый закон КР “О пастбищах”. Созданы и эффективно развиваются 454 Объединений пастбищепользователей (ОПП – Жайыт комитеты). Сборы за пастбищепользование выросли в десять раз – с 4 млн сомов до 130 млн сомов в 2014 году. Улучшена пастбищная инфраструктура, в результате которой площадь выпасаемых пастбищ увеличена на 430 тыс. га.

На территории 440 айыльных аймаков определены внешние границы пастбищ, а местными органами Департамента кадастра и регистрации прав на недвижимое имущество Республиканской регистрационной службы проведены предварительные регистрации пастбищных карт и прав органов местного самоуправления на бессрочное пользование пастбищами.

*Поддержка ветеринарии и сокращение бруцеллеза*

Благодаря проводимым работам заболеваемость бруцеллезом среди людей снизилась почти в пять раз - с 4412 человек в 2011 году до 904 человек в 2015-м. Резкое снижение наблюдается с 2012 года, когда вакцинация овец и коз стала проводиться по всей республике. Улучшилась материально-технический, кадровый и управленческий потенциал государственных и частных ветеринарных служб. 1122 ЧВС получили холодильники, термоконтейнеры и другие ветеринарные и медицинские инструменты и препараты, также они прошли специальное обучение по созданию и развитию частных ветеринарных сервисов. Проведены тренинги и консультации по развитию ветеринарного дела и охране здоровья животных.

Закуплены качественные вакцины и препараты для борьбы с такими болезнями как бруцеллез, эхинококкоз, сибирская язва, бешенство, чума овец и коз, ящур.

**Улучшение продовольственной безопасности**

В республике создано 292 ОСФ - Общественных семенных фондов. Для них них закуплены семена ячменя, люцерны, эспарцета, кукурузы, картофеля, а также минеральные удобрения. В итоге порядка 20 000 малоимущих фермеров почти из всех районов Кыргызстана увеличили свои доходы, имея высокую урожайность культур.

Особенно высокая урожайность наблюдалась у фермеров, возделывающих картофель - в среднем по республике 230 центнеров с гектара, что выше на 72 центнера урожая фермеров, не являющихся членами ОСФ. Это объясняется применением высокоурожайных сортов семенного картофеля немецкой и голландской селекции.

*Реализуемые проекты:*

**“Развитие животноводства и рынка-1” (2013 – 2018 гг.)**

Ожидаемые результаты:

Повышение производительности животноводства; улучшение пастбищных угодий; увеличение кормов; снижение заболеваемости бруцеллезом и эхинококкозом; стимулирование молочного производства через цепочку добавленной стоимости молока.

**“Развитие животноводства и рынка-2” (2014 – 2019 гг.)**

Ожидаемые результаты:

Повышение производительности животноводства; улучшение пастбищных угодий; увеличение кормов; стимулирование молочного производства через цепочку добавленной стоимости молока; диверсификация источников доходов; адаптация фермеров к изменению климата.

**“Улучшение управления пастбищами и животноводством” (2015 – 2019 гг).**

Ожидаемые результаты:

Улучшение экологического состояния пастбищ и их управления и использования, в том числе пастбищ в пяти пилотных Лесхозах; усиление потенциала пастбищепользователей и ответственных госучреждений в сфере управления пастбищами; поддержка частной ветеринарной службы для роста качества ветеринарных услуг.

IFAD
Enabling poor rural people to overcome poverty